DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 8, 2020

*Усупов М.У.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТОКТОГУЛ СУУ САКТАГЫЧ АЙМАГЫНА КИРГЕН РАЙОНДОРДО ЖАРАТЫЛЫШ РЕСУРСТАРЫН ПАЙДАЛАНУУНУН ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАГДАЙЛАРЫ

*Усупов М.У.*

# ЭКОНОМИЧЕСКИЕ ФАКТОРЫ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ПРИРОДНЫХ РЕСУРСОВ НА ТЕРРИТОРИЯХ ВХОДЯЩИХ В ТОКТОГУЛЬСКОЕ ВОДОХРАНИЛИЩЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

*M.U. Usupov*

# ECONOMIC FACTORS FOR THE USE OF NATURAL RESOURCES IN THE AREAS INCLUDED IN THE TOKTOGUL RESERVOIR OF THE KYRGYZ REPUBLIC

*УДК: 338(575.2):658.26:627.814*

*Бул макалада Кыргыз Республикасынын Токтогул суу сактагыч аймагына кирген райондордо жаратылыш ресурстарын пайдалануунун экономикалык жагдайлары каралды. Кыргыз мамлекетинин калыптанышында алакалашуу зор мааниге ээ. Өлкө мындан ары эл колдоого алган так аныкталган максаттуу багыттарсыз өнүгө албайт, коом калктын көпчүлүгү колдоого алган дөөлөттөрсүз туруктуу боло албайт, бүгүнкү күндө Кыргызстан келечекти алдын-ала көрө билүүнү чагылдырган, беш жылдык мезгилде өлкөнү өнүктүрүүнүн негизги багыттарын көрсөткөн стратегиялык документке өтө муктаж болуп турат. Кыргызстандыктардын дүйнөгө көз карашы менен табигый түрдө айкалышып жана өлкөнүн өнүгүшүнүн өткөн тарыхый мезгилинде топтолгон билим жана тажрыйбаны пайдаланууга жол ачкан максатты аныктоо маанилүү. Максатка карай илгерилөө жигердүү кыргызстандыктардын басымдуу көпчүлүгүнө түшүнүктүү жана пайдалуу болууга тийиш, алардын жеке жана корпорациялык пландары жана таламдары менен айкалышып жана ал пландарды жүзөгө ашырууга жардам бериши керек.*

***Негизги сөздөр:*** *экономика, башкаруу, суу сактагыч, энергетика, аймак, багыт, максат, мезгил, алакалашуу, реформа.*

*В данной статье рассмотрены экономические условия использования природных ресурсов в районах, входящих в Токтогульское водохранилище Кыргызской Республики. Большое значение в становлении кыргызского государства имеет гармонизация. Страна больше не может развиваться без четко определенных целевых ориентиров, поддерживаемых народом, общество не может быть устойчивым без ценностей, поддерживаемых большинством населения, сегодня Кыргызстан остро нуждается в стратегическом документе, отражающем видение будущего, обозначающем основные направления развития страны на пятилетний период. Важно определить цель, которая естественным образом сочетается с мировоззрением кыргызстанцев и позволяет использовать знания и опыт, накопленные за прошедший исторический период развития страны. Продвижение к цели должно быть понятно и выгодно подавляющему большинству активных кыргызстанцев, в сочетании с их личными и корпоративными планами и интересами, и реализацией этих планов.*

***Ключевые слова:*** *экономика, управление, водохранилище, энергетика, регион, направление, цель, период, взаимодействие, реформа.*

*This article discusses the economic conditions for the use of natural resources in the areas included in the Toktogul reservoir of the Kyrgyz Republic. Harmonization is of great importance in the development of the Kyrgyz state. The country can no longer develop without clearly defined targets supported by the people, society cannot be sustainable without values supported by the majority of the population. today, Kyrgyzstan is in urgent need of a strategic document reflecting the vision of the future, indicating the main directions of the country's development for a five-year period. It is important to define a goal that is naturally combined with the worldview of Kyrgyz people and allows you to use the knowledge and experience accumulated over the past historical period of the country's development. Progress towards the goal should be clear and beneficial to the vast majority of active Kyrgyzstanis, combined with their personal and corporate plans and interests and the implementation of these plans.*

***Key words:*** *economy, management, reservoir, energy, region, direction, goal, period, interaction, reform.*

Кыргыз Республикасынын Токтогул суу сактагычынын аймагына кирген райондордун экономикасында маанилүү орунду ээлеген жаратылыш ресурстарын пайдалануу үчүн бул өзгөчө мааниге ээ, себеби өлкөдө жүргүзүлүп жаткан реформанын ийгилиги, айыл чарбанын агро өнөр жай комплекси жана аны менен

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



кайчылаш тармактардын жалпы абалы жаратылыш ресурстарын пайдаланууга байланыштуу. Ушуну менен бирге өлкөдө жүргүзүлүп келинген реформаларга объективдүү экономикалык мыйзамдардын таасир этишине анча маани берилбей, субъективизмдин жана административдештирүүнүн биринчи орунга коюлуп келгендиги, реформанын стратегиясын ишке ашыруу боюнча илимий негизде кылдаттык менен ойлонуштурулган, так программанын болбогондугу, мурдагы союздун курамындагы республикалар менен болгон чарба байланыштарынын үзүлүшүнө байланыштуу материалдык жана техникалык ресурстардын келбей калышы, экономиканын туруксуздугу – жаратылыш ресурстарын пайдалануу, кайра иштеп чыгуу жана чарба өндүрүшүн өтө оор экономикалык жана социалдык кырдаалга алып келди.

Андыктан, Кыргыз Республикасынын Токтогул суу сактагычынын аймагына кирген райондордун айрыкча жер ресурстарын пайдалануу эл чарба өндүрүшүнүн учурдагы өнүгүшүнө объективдүү баа берип, аны андан ары өнүктүрүү стратегиясынын негизги багыттарын келечекке аныктап, жер ресурстарын пайдалануу комплексинде илимий-техникалык прогресстин, менежменттин, маркетингдин азыркы жетишкендиктерин ишке киргизүү жана натыйжалуу иштеген жаңы мамиле түзүлүштөрүн түзүп, алардын иш-аракеттеринин экономикалык механизмин өркүндөтүү азыркы учурдун актуалдуу маселелеринин бири.

Жер ресурстары менен бир катарда Кыргызстан – Борбордук Азиядагы суу ресурстары өзүнүн аймагында толугу менен калыптанган, гидрологиялык өзгөчөлүгү жана артыкчылыгы менен жападан жалгыз өлкө болуп саналат. Республика суу жана гидроэнергетика ресурстарына бай жана ал – анын негизги ресурстарынын бири. Дарыялардын гидроэнегетикалык мүмкүнчүлүгү - 174 млрд.кВт.саат, ал эми кубаты - 19,8 млн. кВт түзөт. 760 млрд. куб.м запасты түзгөн 6580 мөңгүнүн эсебинен суу ресурстарынын көлөмдөрү топтолгон.

Кыргызстандын аймагында гидрологиялык аспектте эки облустка бөлүнөт – агымдын пайда болуу аймагы жана сиңип кетүү аймагы. Биринчи аймака 2000 метрден бийик жайгашкан тоолуу аймак, ал эми агымдын сиңип кетүү аймагы агымдын пайда болуу аймагынан төмөн жайгашкан. Суу балансында КРнын аймагындагы суу ресурстарынын пайда болуу көлөмү пайдалануу көлөмүнөн ашууда, ошондуктан алар эл аралык мааниге ээ. Республикадагы суу пайдалануу түзүлүшү төмөндөгүдөй: суу пайдалануунун 90% көлөмү жер сугарууга, 6% көлөмү өнөр жайга, 3% көлөмү калкты суу менен камсыз кылууга. Токой чарба, балык өнөр жайы жана башка чөйрөлөргө суу пайдалануунун жалпы суммасынын 1% түзөт. Суу пайдалануунун жалпы көлөмү жылына 10-12 млрд. метр кубга бааланат. Суу жеткирүүдөгү (каналдар, сугат курулуштар аркылуу) жоготуулар 1.7-2.3 млрд. метр кубга чейин жетет. Республикадагы жаратылыштын шарттарына байланыштуу сугат жерлерди суу менен камсыз кылууда көбүнчөсүн 800 мин га чейин же 76% сугарган майда дарыялар камсыздайт. Тоолуу аймактардын агымдары жөнгө салынган эмес, 80 мин га (11%) жер гана жөнгө салынган булактар аркылуу, калгандары 720 000 га жер жөнгө салынбаган агымдар аркылуу сугарылат. Кыргыз Республикасында узундугу 10 кмди түзгөн, ал эми жалпы узундугу 35000 кмди түзгөн 2000 дей дарыя саналат. Суу балансындагы көлдөр, суу сактагычтар жана көлмөлөр сууэнергетикалык потенциалды жогорулатууда, айлана-чөйрөнү коргоодо, натыйжалуу суу балансын түзүүдө чон мааниге ээ. Суунун көлөмүнүн көбү көлдөрдө, көлмөлөрдө жана суу сактагычтарда топтолгон. Алардын жалпы көлөмү 6836 кв. кмди түзөт. Негизги көлдөр деңиз деңгээлинен 3-4 мин метр бийиктикте жайгашкан.

Кыргызстан өзүнүн аймагындагы суу сактагычтардан чыккан суунун жыйырма эле пайызын өзү пайдаланат. Сексен пайызы коңшулардын эгин талаасына кетет. Ошол себептүү суу сактагычтарды кармоого кеткен чыгымды коңшулар менен биргелешип көтөрүүгө аракет кылып келатат. Казакстан 1996-жылдан бери Кыргызстандагы өзү пайдаланган суу сактагычтарды кармоого айрым көлөмдө каражат бөлүп берүүдө. 2013-жылы 60 млн теңге көлөмүндө ишти каржылаган. Ал эми Өзбекстан көп жылдардан бери бир жолу гана Папан суу сактагычын ремонттоого каражат каралашты. Анткен менен жыл сайын Кыргызстандагы суу сактагычтардын кызматынан пайдаланып келе жатат.

Совет заманында бирдиктүү экономикалык система болгондуктан Кыргызстан коңшуларына суу жыйнап берип, а Казакстан менен Өзбекстан көмүр-газ отун менен камсыз кылып турушкан. СССР таркагандан кийин Кыргызстан коңшуларынан отунду сатып алып калды, бирок Кыргызстандан барган сууга коңшулары акы төлөбөйт. Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан жана Тажикстан Сыр-Дарыя, Нарын бассейниндеги суу ресустарын биргелешип пайдалануу, суу сактагычтардын чыгымын биргелешип көтөрүү жөнүндө мамлекет аралык макулдашууга кол коюшкан, бирок анын жоболору көп жагынан аткарылбай келе жатат. Кыргызстандын аймагында жалпысынан 34 суусактагыч бар. Алардын ичинен эң чоң Токтогул

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



суу сактагычы, ага дээрлик жыйырма миллиард куб суу батат. Совет заманында Кыргызстандын 47 миң гектар бышыкчылыктуу жер аянттарына мамлекет аралык суу сактагычтары курулган. Суу баскан жерлерден Кыргызстандын жоготкон пайдасы жыл сайын 130 млн сом болуп эсептелип чыккан. Токтогул суу сактагычы - Нарын дарыясындагы Токтогул ГЭСинин плотинасы сууну бууганда пайда болгон. Суу сактагычка 1974-жылы суу толтурула баштаган. Жалпы көлөмү 19500 млн $м^3$. Узундугу 65 км, эң жазы жери 12 км, эң терең жери 215 м. Суу толгондогу аянты 284,3 $км^2$. Нарын жана Сыр-Дарыянын агымын жөнгө салып, кошумча 0,5 млн га жерди сугарууга мүмкүндүк берет. Плотинанын узундугу 292 м, туурасы 43 м, бийиктиги 215 м. Жалпысынан 913 миң га жерди суу менен камсыз кылат (негизинен Өзбекстандын аймагын). Кыргызстандагы негизги энергетиканын кызыкчылыгы үчүн курулган суу сактагыч.

Кыргызстандын экономикасын нормалдуу иштешин аныктаган эн негизги фактору – бул региондогу мамлекеттер менен кызматташуу жана кызыкчылыктардын балансын табууга таянган мамилелерди сактоону жана өнүктүрүүнү талап кылат. Биздин изилдөө көрсөткөндөй, аймактагы экономикалык кызматташуунун тереңдешиндеги негизги чөйрө – бул аймактын бай жаратылыш көрөңгөлөрүн пайдалануу тармагында, суу – энергетика чөйрөсүндө көйгөйлөрдүн чечилишине бардык Борбордук Азия мамлекеттери кызыкдар экени шексиз. Аймактагы алакалашуу иштеринин тереңдешине багытталган максаттарга жетишүү үчүн, биздин оюубузча, бардык аракетти экономикалык өз ара кызматташуудагы эң артыкчылыктуу багыттарга бурушубуз керек. Алардын негизгиси - суу-энергетикалык көрөңгөлөрдү сарамжалдуу пайдалануу. Бул багыттагы кызматташуунун артыкчылыгы төмөнкүлөр менен түшүндүрүлөт: Борбордук Азия мамлекеттерди жалпы суу бассейни, бирдиктүү экологиялык тутум, газ түтүктөрүнүн жалпы курулушу (линиясы) Газли – Бухара – Ташкент – Шымкент – Алматы байланыштырып турат. Аймактын суу-чарба чөйрөсүндө азыркы күндө төмөнкүдөй көйгөйлөр орун алып калды:

- суу көрөңгөлөрүнүн жалпы жетишсиздиги;
- бирдиктүү укуктук базанын жоктугу;
- кошуна өлкөлөрдүн кызыкчылыктарын ойго албай коюу;
- трансчегаралык дарыялардагы сууларды бөлүштүрүү боюнча талаптардын бузулушу;
- ордун толтуруу иштеринин аткарылбагандыгы (сөз Токтогул суу сактагычындагы суу үчүн Кыргызстанга кыш мезгилиндеги жылуулук жана энергокөрөңгөлөр менен орду толтурулбагандыгы жөнүндө баратат).

Бул көйгөйлөрдүн баарын Борбордук Азия мамлекеттеринин жетекчилеринин жетиштүү саясий эрки менен чечсе болот. Бардык маселелер иштиктүү сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө чечилиши керек. Эң негизгиси – сууну саясий жана экономикалык кысымдын куралына айландырбаган жөн болот. Сууга жалпы баалуулук катары статус берилиши керек. Суу Борбор Азия үчүн бөлүп жарууучу эмес – бириктирүүчү башталыш болушу абзел. Аймактын мамлекеттеринин ушул багыттагы биргелешкен аракети бири - биринин эгемендигин урматтоо, тең укуктуу өнөктөштүк, улуттук кызыкчылыктарды эсепке алуу жана өз ара алынган милдеттенмелерди ак тилектен аткаруу талаптарына негизделиши керек. Бул чөйрөдөгү башкы милдеттерди аткаруу үчүн аймактын өлкөлөрүнүн бардык аракеттери төмөнкүдөй иштерге багытталышы зарыл: аймактын суу көрөңгөлөрүн пайдаланууга акыл-эс менен мамиле кылып, анын жаңы стратегиясын иштеп чыгууга; кошуна мамлекеттердин аймагында жайгашкан мамлекеттер аралык суу объектилерин пайдалануунун талаптарын иштеп чыгууга багытталышы керек. Аймактын суу-энергетикалык көрөңгөлөрүн кыйла таасирдүү пайдалануу боюнча Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан жана Тажикстан үчүн биргелешкен стратегияны иштеп чыгуу максатка ылайык келет. Орто Азиянын өлкөлөрүнүн жалпы Суу-энергетикалык саясатын ишке ашырууда чоң үмүт Мамлекеттер аралык Суу-энергетикалык консорциумга артылып жатат. Ушундай шартта Кыргыз Республикасы бай жана арзан, анын үстүнө болгону 10%ы гана өздөштүрүлгөн суу-энергетикалык ресурстарга ээ (потенциалы – жылына 142 млрд. кВт/саат) бар экендиги менен мүнөздөлөт. Суу-энергетика ресурстары менен камсыз болуусунун жогору деңгээли республиканын энергетика комплексинин бат өнүгүүсү үчүн жагымдуу өбөлгөлөрдү түздү. Аталган комплекс өткөн кылымдын 80-жылдарынын башынан баштап Орто Азия аймагындагы суу энергетикасынын ири өндүрүүчүсү болуп, Борбордук Азиянын Бириккен энерготутумуна иштелип чыгылган электр энергиясынын 50%дан ашуунун берип жатты.

Энергетика комплекси Борбордук Азиядагы эң ири гидроэлектрстанцияларынын курулушунан берки убакыттагы отун-энергетика тармагынын багыттарынын бири катары Кыргызстан элинин сыймыгынын предмети болуп саналган. Масштабы жана техникалык татаалдыгы боюнча бул гидроэлектостанциялар-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



га Кыргызстанда гана эмес, бүткүл борбордук азия аймагында теңи болгон эмес. Кыргызстандын энергетика комплекси арзан электр энергиясын иштеп чыгуу менен катар коңшулаш өлкөлөрдүн кең көлөмдөгү айыл чарба жерлеринин туруктуу сугат маселесин чечүүнү да камсыз кылат. Суу бассейндери биздин республиканын мөңгүлөрүн сактоонун зарыл атрибуту болуп саналат деген ойлор да бар. Бирок, республикабыз эгемендүүлүктү алгандан берки убакыт ичинде энергетикалык коопсуздук маселелери өз агымына коюлган. Ошого карабастан энергетика секторунун уюштуруучулук түзүмүн кайра түзүү жолу менен абалды оңдоого далалат болгондугун тан алуу керек.

Бүгүнкү күндүн ушул шарттарында энергетика генерациялоочу, сатуучу, тармактын ж.б. түрдөгү өз алдынча компанияларга бөлүнгөн. Бул шарттарда электр энергиясынын көлөмүн ченөөнүн ишенимдүүлүгү маселеси берилген (сатылган) жана алынган (сатылып алынган) электр энергиясы үчүн болгон эсептешүүлөрдү тартипке келтирүү зарылчылыгына байланыштуу актуалдуу болуп жатат. Электр энергиясын жеткирүү чекиттеринин жаңы чектеринин түзүлүүсүнө байланыштуу электр энергиясын эсепке алуунун начар уюштурулгандыгы, эсепке алуу каражаттарынын паркынын жеткирүүнүн жаңы чектеринде моралдык жактан эскиргендиги менен шартталган коммерциялык жоготуулардын өсүүсү байкалууда. Уурдоолор жок болгондо деле электр энергиясынын рыногунун бардык түзүмдөрү боюнча анын балансттан олуттуу четтөөлөрү пайда болууда. Орногон бул жагдай электр энергиясын уурдоого да жол ачууда, себеби муну менен натыйжалуу күрөшө албайт. Электр энергиясын эсепке алууну уюштуруудагы түзүлгөн абал көлөмү күндөн-күнгө өсүп бара жаткан электр энергиясынын коммерциялык жоготууларын төмөндөтүүгө мүмкүнчүлүк бере албайт. Электр энергиясын керектөө боюнча алынып жаткан маалыматтын ишенимдүү эместигинин кесепетинен энерготутумдун ишинин көрсөткүчтөрү олуттуу бурмаланууда.

**Адабияттар:**


1. Мусакожоев Ш. Современные проблемы экономики [Текст]: Учебник. / Ш.Мусакожоев. / Кыргызский экономический университет. - Бишкек, 2019. - 156 б.
2. Экономика Кыргызстана: Проблемы рационального использования природных ресурсов. / Отв. редактор академик Т.Койчуев. - Бишкек: Илим, 2018. - 221 с. (Серия изданий НАН КР по проблемам общественного развития суверенного Кыргызстана).
3. Социально-экономическое развитие Жалал-Абадской области. / Сборник областного управления. - Жалал-Абад, 2018.